**Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын**
**2014-жылдын 4-чейреги ичиндеги абалы тууралуу отчет**

## 1. Төлөмдөр түзүмүндөгү өзгөрүүлөр боюнча аналитикалык маалыматтар

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин алдын ала маалыматтары боюнча 2014-жылдын 4-чейреги үчүн ИДӨ көлөмү күндөлүк баада 2013-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 15,0 пайызга көбөйүү менен 129,1 млрд. сомду түзгөн. 2014-жылдын жыйынтыгы боюнча ИДӨнүн номиналдык көлөмү 2013-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 11,8 пайызга көбөйүү менен 397,3 млрд. сомду түзгөн (2013-жылы көрсөткүчтүн 14,4 пайызга көбөйүшү байкалган). 2014-жылдын 12 айы ичинде реалдуу ИДӨнүн өсүшү 3,6 пайызды (2013-жылдын 12 айы ичинде – 10,9 пайызды) түзгөн, мында ИДӨ көлөмүнүн өсүшүнө курулуш жана кызмат көрсөтүү секторлору негизги салымын кошкон.


1-график. ИДӨ жана төлөмдөр көлөмүнүн өз ара байланышы


Республиканын банктар аралык төлөм системасында төлөмдөр көлөмүнүн жана номиналдык ИДӨнүн өзгөрүү динамикасы мурункудай эле бир багыттуу тенденцияга ээ болгон (1-график).

Алсак, 2014-жылдын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын банктар аралык төлөмдөр системалары аркылуу **3 664 177 төлөм** өткөрүлгөн, ал 2013-жылдагыга салыштырганда 31,3 пайызга көп болгон. Банктар аралык төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 2013-жылдагыга салыштырганда 80,3 пайызга көбөйүү менен **1 513,4 млрд. сомду** түзгөн (2-график). 2014-жылдын 4-чейрегинде төлөмдөрдүн көлөмүнүн өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 68,1 пайызга 422,7 млрд. сомго чейин өсүшү байкалган. Банктар аралык төлөмдөр көлөмүнүн көбөйүүсү гросстук төлөмдөрдүн көбөйүүсү менен шартталган, атап айтканда, автоматташтырылган соода системалары аркылуу ишке ашырылган бүтүмдөр боюнча көлөмдүн көбөйүү эсебинен жүргөн.


2-график. Банктар аралык төлөмдөрдүн динамикасы (млн.сом)


Отчеттук мезгил ичинде банктар аралык төлөмдөрдүн түзүмү багыттоо түрлөрү боюнча өзгөрүүсүз калып, алар төмөнкүдөй түптөлгөн: төлөмдөрдүн жалпы көлөмүндө банктык операциялар – 80,7 пайызды түзүү менен негизги үлүштү ээлеп, бюджеттик уюмдардын төлөмдөрүнүн салыштырма салмагы 12,4 пайызды, ал эми бюджеттик эмес уюмдардын товарлар жана кызмат көрсөтүүлөрү, активдер жана милдеттенмелери үчүн төлөмдөрү 6,8 пайызды түзгөн. Бюджеттик уюмдардын төлөмдөр түзүмүндө бюджеттик кириш төлөмдөрдүн салыштырма салмагы 39,8 пайызда, ал эми бюджеттик чыгыш төлөмдөрдүн салыштырма салмагы 39,5 пайызда калыптанган, ошондой эле активдер жана милдеттенмелер менен ишке ашырылган операциялар боюнча төлөмдөр 20,6 пайызды түзгөн.

Бюджеттик уюмдардын төлөмдөрүнүн жүгүртүлүшүнүн номинал боюнча суммардык көрсөткүчү 2014-жылдын 4-чейреги ичинде өткөн жылдын тиешелүү чейрегине салыштырганда 18,8 пайызга көбөйүү менен 52,4 млрд. сомду түзгөн (2014-жылдын 3-чейрегине салыштырганда бул көрсөткүч 7,0 пайызга көбөйгөн). Мунун себебинен болуп, активдер жана милдеттенмелер менен ишке ашырылган операциялар боюнча төлөмдөрдүн 77,5 пайызга өсүшү болгон, мында гросстук транзакциялар 93,1 пайызга, ал эми клиринг төлөмдөрү 15,0 пайызга көбөйгөн. 2014-жылдын 4-чейрегинде мамлекеттик бюджетке каралган төлөмдөрдүн өсүшү 6,7 пайызды түзгөн, бул 2013-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда бюджеттин киреше бөлүгүнүн деңгээлинин


3-график. Бюджеттик кирешелердин, чыгашалардын жана төлөмдөр көлөмүнүн динамикасы (млн. сом)

жогорулашынан улам келип чыккан. Ошентип, 2014-жылдын жыйынтыгы боюнча бюджеттин жалпы кирешеси 2013-жылга салыштырмалуу 119,4 млрд. сомду түзүү менен 17,3 пайызга же 17,6 млрд. сомго көбөйгөн.

Мамлекеттик бюджеттин жалпы чыгашасы 2014-жылы 121,3 млрд. сомду түзгөн, өткөн жылдагыга салыштырганда 16,3 пайызга же 17,0 млрд. сомго көбөйгөн. Мамлекеттик бюджеттин жалпы чыгашасынын көбөйүшү операциялык иш алып барууга кеткен чыгашалардын 17,3 пайызга 101,8 млрд. сомго чейин жогорулашы менен шартталган. Натыйжада, отчеттук чейрек ичинде банктар аралык төлөм системасы аркылуу жүзөгө ашырылуучу мамлекеттик бюджеттин чыгыш төлөмдөрүнүн көлөмү 2013-жылдын 4-чейрегине салыштырганда 12,4 пайызга көбөйгөн (2014-жылдын 3-чейрегине салыштырганда төлөмдөрдүн көлөмү 14,3 пайызга көбөйгөн).

## 2. Нак акча жүгүртүү түзүмү

Коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын кайтарымдуулугу 2014-жыл үчүн 100,6 пайызды түзгөн жана 2013-жылдагыга салыштырганда 2,5 пайызга көбөйгөн (2013-жылы кайтарымдуулук 98,1 пайызда калыптанган).

1-таблица. Коммерциялык банктардын кассалары аркылуу өткөн нак акчанын жылышы

| **Аймактардын аталышы** | **Келип түшкөн** *(млн. сом)* | | **Берилген** *(млн. сом)* | | **Кайтарымдуулук** *(пайыз)* | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2013-жыл** | **2014-жыл** | **2013-жыл** | **2014-жыл** | **2013-жыл** | **2014-жыл** |
| Бардыгы | 804192,4 | 1018480,4 | 820074,0 | 1012865,0 | 98,1 | 100,6 |
| Бишкек шаары | 431565,6 | 518455,7 | 419985,4 | 489261,6 | 102,8 | 106,0 |
| Баткен облусу | 31994,0 | 51451,3 | 33554,2 | 52410,6 | 95,4 | 98,2 |
| Жалал-Абад облусу | 77915,3 | 102174,3 | 89249,7 | 114415,2 | 87,3 | 89,3 |
| Ысык-Көл облусу | 33323,1 | 44727,2 | 37490,4 | 48455,2 | 88,9 | 92,3 |
| Нарын облусу | 12850,7 | 18014,2 | 16604,9 | 20675,0 | 77,4 | 87,1 |
| Ош шаары | 116460,5 | 139538,4 | 115993,6 | 137769,2 | 100,4 | 101,3 |
| Ош облусу | 36065,3 | 44038,8 | 37733,0 | 45505,5 | 95,6 | 96,8 |
| Талас облусу | 13681,7 | 19908,8 | 19197,6 | 24218,6 | 71,3 | 82,2 |
| Чүй облусу | 50336,2 | 80171,7 | 50265,2 | 80154,1 | 100,1 | 100,0 |

2013-жылга салыштырмалуу 2014-жыл ичинде коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын кайтарымдуулугунун өсүшү республиканын бардык аймактары боюнча жүргөн, алсак:

- Бишкек шаары боюнча 3,2 пайызга;
- Баткен областы боюнча 2,8 пайызга;
- Ысык-Көл областы боюнча 3,4 пайызга;
- Нарын областы боюнча 9,7 пайызга;
- Ош шаары боюнча 0,9 пайызга;
- Ош обасты боюнча 1,2 пайызга;
- Талас областы боюнча 10,9 пайызга;
- Жалал-Абад областы боюнча 2,0 пайызга.

Ал эми Чүй областы боюнча нак акчанын кайтарымдуулугу 100,0 пайыз болуп, мурдагыдай эле деңгээлде калган.

2014-жылы үчүн нак акча кайтарымдуулугунун эң жогорку көрсөткүчү Бишкек шаары боюнча 106,0 пайызды түзгөн болсо, ал эми анын эң төмөнкү көрсөткүчү Талас областында 82,2 пайызда калыптанган (4-график).

Коммерциялык банктардын кассаларына 2014-жылы келип түшкөн нак акчалардын суммасы 1 018 480,4 млн. сомду түзгөн жана анын 2013-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 26,6 пайызга көбөйгөндүгү байкалган.

Төмөндө 2014-жылдын коммерциялык банктардын кассаларына келип түшкөн нак акчалардын негизги булактары боюнча маалыматтар келтирилген:

- коммерциялык банктардын филиалдарынан, аманат кассаларынан жана алмаштыруу пункттарынан – 404 933,5 млн. сомду түзгөн, көбөйүү 40,6 пайызда калыптанган (2013-жылы үчүн – 288 094,3 млн.сом);
- товарларды сатуудан – 76 486,1 млн. сомду түзгөн, көбөйүү 10,0 пайызда калыптанган (2013-жылы үчүн – 69 557,5 млн.сом);



**4-график. Аймактар боюнча коммерциялык банктардын кассаларына кайтаруулар (%)**

- банкоматтарды жана терминалдарды инкассирлөөдөн – 78 847,5 млн. сомду түзгөн, көбөйүү 20,1 пайызда калыптанган (2013-жылы үчүн – 65 650,8 млн.сом);
- жергиликтүү (локалдык) акча которууну жүзөгө ашыруу үчүн – 81 530,6 млн. сомду түзгөн, көбөйүү 27,8 пайызда калыптанган (2013-жылы үчүн – 63 806,7 млн.сом);
- кызмат көрсөтүүлөрдөн жана аткарылган иштерден – 75 246,8 млн. сомду түзгөн, көбөйүү 35,8 пайызда калыптанган (2013-жылы үчүн – 55 422,3 млн.сом);
- чет өлкө валютасын сатуудан – 119 328,1 млн. сомду түзгөн, көбөйүү 23,7 пайызда калыптанган (2013-жылы үчүн – 96 428,3 млн.сом).

Келтирилген статистикалык маалыматтар боюнча коммерциялык банктардын кассаларына келип түшкөн сумманын өсүшүнүн динамикасы баарынан мурда, товар жүгүртүлүшүнүн өсүшүн, кызмат көрсөтүүлөргө карата тарифтердин жогорулашын, акча которуунун локалдык системасы боюнча түшүүлөрдүн көбөйүшүн жана нак чет өлкө валюталарга карата улам өсүүчү суроо-талапты чагылдырат.







Коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акча 2014-жыл үчүн 1 012 865,0 млн. сомду түзгөн жана 2013-жылдагыга салыштырганда 23,5 пайызга көбөйгөн.

2014-жыл үчүн коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акчанын негизги багыттары:

- коммерциялык банктардын филиалдарына, аманат кассаларына жана алмаштыруу пункттарына – 388 462,8 млн. сом берилген, көбөйүү 36,9 пайызды түзгөн (2013-жылы үчүн– 283 736,7 млн.сом);
- кызмат көрсөтүүлөрдү жана аткарылган иштерге төлөөгө 44 910,9 млн. сом берилген, көбөйүү 30,1 пайызды түзгөн (2013-жыл үчүн – 34 524,6 млн. сом);
- банкоматтарга акча жүктөө үчүн – 119 610,2 млн. сом берилген, көбөйүү 31,2 пайызды түзгөн (2013-жыл үчүн – 91 189,8 млн. сом);
- локалдык акча которууларды төлөөгө 79 302,8 млн. сом берилген, көбөйүү 22,4 пайызды түзгөн (2013-жыл үчүн – 64 806,9 млн. сом);
- товарлар үчүн төлөөгө 14 529,7 млн. сом берилген, көбөйүү 5,2 пайызды түзгөн (2013-жыл үчүн – 13 812,6 млн. сом);
- чет өлкө валютасын сатып алууга 168 346,2 млн. сом берилген, 2013-жылдагыга салыштырганда көбөйүү 7,4 пайызды түзгөн (2013-жыл үчүн – 156 744,9 млн. сом).
- эмгек акыларды төлөөгө 18 294,2 млн. сом берилген, азаюу 17,9 пайызды түзгөн (2013-жыл үчүн эмгек акыларды төлөөгө 22 296,4 млн. сом берилген).

**7-график. 2013-жылда коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акчалардын негизги багыттары (млн.сом)**




**8-график. 2014-жылда коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акчалардын негизги багыттары (млн.сом)**




## 3. Нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн түзүмү

### 3.1. Майда чекене жана утурумдук төлөмдөрдүн пакеттик клиринг системасы

Улуттук банк, 24 коммерциялык банк жана алардын 295 филиалы Пакеттик клиринг системасынын (мындан ары - СПК) катышуучуларынан, ал эми «Банктар аралык процессинг борбору» ЖАК – адистештирилген катышуучусунан болушкан.

**9-график. Клиринг төлөмдөрүнүн көлөмүнүн жана санынын динамикасы (млн.сом)**




2014-жылдын жыйынтыгы боюнча төлөмдөрдүн банктар аралык клиринг системасында 101,6 млрд. сом жалпы суммасына 3,4 млн. төлөм ишке ашырылган. 2013-жылга салыштырганда, жүргүзүлгөн төлөмдөрдүн саны 30,1 пайызга, анын көлөмү 15,3 пайызга көбөйгөн.

2014-жылдын 4-чейрегинин иш жыйынтыгы боюнча клиринг төлөмдөрүнүн көлөмү 28 437,6 млн. сом чегинде катталып:

– өткөн чейрекке салыштырганда 5,9 пайызга көбөйгөн;
– өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 4,6 пайызга көбөйгөн.

2014-жылдын 4-чейрегинде клиринг төлөмдөрүнүн саны 887 972 төлөмдү түзүп:

– өткөн чейрекке салыштырганда 9,5 пайызга азайган;
– өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 10,3 пайызга көбөйгөн.

### 3.2. Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы

**10-график. Гросстук төлөмдөрдүн көлөмүнүн жана санынын динамикасы (млн.сом)**




2014-жыл ичинде банктар аралык гросстук төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 1 411,8 млрд. сомду түзгөн. Ошол эле мезгил ичинде системада жүргүзүлгөн төлөмдөрдүн саны 262,5 миң төлөмгө жеткен. 2013-жылдын көрсөткүчтөрү менен салыштырганда өсүш төлөмдөрдүн саны боюнча 48,1 пайызды жана төлөмдөрдүн көлөмү боюнча 87,9 пайызды түзгөн.

2014-жылдын 4-чейреги ичинде гросстук төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 394 294,9 млн. сомду түзүү менен:

– өткөн чейрекке салыштырганда 4,4 пайызга көбөйгөн;

өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 75,8 пайызга көбөйгөн.

Бардыгы болуп эсептешүүлөрдүн гросстук системасы аркылуу 2014-жылдын 4-чейреги ичинде

83 991 төлөм өткөрүлгөн. Бул көрсөткүч:

- өткөн чейрекке салыштырганда 17,1 пайызга көбөйгөн;
- өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 56,7 пайызга көбөйгөн.

### 3.3. Банктык төлөм карттар рыногу

2014-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында банктык төлөм карттарынын эмиссиясы жана эквайринги боюнча кызматтарды иштеп жаткан 24 банктын ичинен 22 банк сунуштаган, алардын ичинен 13 банк жана «Элкарт» улуттук системасы боюнча 18 банк эл аралык төлөм системасынын картынын эмитенттеринен жана эквайерлеринен болушкан.

*Банктык төлөм карттар эмиссиясы.*

2014-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча жүгүртүүдөгү банктык төлөм карттарынын жалпы саны **908 908** түзгөн. Мында, карттардын саны өткөн чейректегиге салыштырганда 7,3 пайызга көбөйгөн, ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда карттардын саны 39,7 пайызга өскөн.

**11-график. Жүгүртүүдөгү карттардын жалпы саны**




**12-график. 2015-жылдын 1 январына карата областтар боюнча жүгүртүүдөгү карттардын жалпы саны (миң)**




Төлөм карттары түрлөрү боюнча төмөнкүдөй бөлүштүрүлгөн:

- **Эл аралык системалар** ***687 491:***
  - «Visa» 317 323;
  - «Master Card» 1 349;
  - «Золотая корона» (Россия) 366 916;
  - «China Union Pay» 1 903;
- **«Элкарт» улуттук системасы 221 417.**

*Банктык төлөм карттар эквайринги.*

2014-жылдын 4-чейрегинин акырына карата абал боюнча иштеп турган терминалдардын жана банкоматтардын жалпы саны системалардын түрлөрү боюнча бөлүштүргөндө төмөнкүдөй катталган:

- Visa & MasterCard эл аралык системалары боюнча – 252 банкомат жана 1 997 терминал;
- «Элкарт» улуттук системасы боюнча – 428 банкомат жана 1 498 терминал;
- «Золотая корона» (Россия) эл аралык системасы боюнча - 318 банкомат, 1 180 терминал.

Жалпысынан алганда, банктык төлөм карттар, республиканын бардык аймагында орнотулган **998 банкоматта жана 4 675 терминалда** тейлөөгө алынган (жылдын баш жагына салыштырганда банкоматтардын өсүшү 22,0 пайызды же 180 банкоматты, ал эми терминалдардын - 34,1 пайызды же 1 190 терминалды түзгөн).







*Банктык төлөм карттарын пайдалануу менен операциялардын көлөмүнүн жана санынын динамикасы.*

2014-жылдын 4-чейреги ичинде картты колдонуу менен ишке ашырылган операциялардын жалпы көлөмү **29 151,8 млн. сомду** түзгөн. Өткөн чейрекке салыштырганда жүргүзүлгөн операциялардын көлөмү 34,1 пайызга көбөйгөн, ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 85,2 пайызга көбөйгөн.

Мурдагыдай эле, бардык операциялардын негизги үлүшү акча каражаттарын нак акчага айландырууга – 28 224,3 млн. сом туура келген, бул бардык операциялардын жалпы көлөмүнө карата 96,8 пайызын ээлеген. Соода-сервистик ишканалардагы терминалдар аркылуу ишке ашырылган операциялардын көлөмү 927,4 млн. сомду түзгөн (бул жүзөгө ашырылган бардык операциялардан 3,2 пайыз). Төлөм карттарынын орчундуу бөлүгү «эмгек акы долбоорун» ишке киргизүүнүн алкагында эмитирленген.

2014-жылдын 4-чейрегинде картты пайдалануу менен **4,5 млн. ашык транзакция** ишке ашырылган. Өткөн чейрекке салыштырганда операциялардын саны 15,4 пайызга көбөйүү менен өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда операциялардын саны боюнча көрсөткүч 36,3 пайызга өскөн.

### 3.4. Чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөр

Отчеттук чейрек ичинде катышуучулардын чек ара аркылуу төлөмдөрү SWIFT, «Telex», «Банк-Клиент», «E-Клиент» ж.б. системаларды пайдалануу менен ишке ашырылган. Мында банктар көбүнчө чек ара аркылуу төлөмдөрдү жүргүзүү үчүн SWIFT системасын пайдаланышкан.

2014-жыл ичинде кириш төлөмдөрдүн жалпы саны 954,1 млрд. сом жалпы суммасында 177,7 миңди түзгөн (бул көрсөткүч 2013-жылдын көрсөткүчүнө салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша саны боюнча 0,4 пайызга азайган, суммасы боюнча 22,9 пайызга көбөйгөн,). Ал эми чыгыш төлөмдөрдүн жалпы саны 1 073,5 млрд. сом жалпы суммасында 230,4 миңди түзгөн (бул көрсөткүч 2013-жылга салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша саны боюнча 0,3 пайызга азайган жана көлөмдө 25,5 пайызга көбөйгөн).

2014-жылдын 4-чейреги ичинде эл аралык төлөмдөр валюталардын 12 түрү боюнча ишке ашырылган. 2014-жылдын 4-чейрегинин жыйынтыгы боюнча кириш төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 304,6 млрд. сомду (бул көрсөткүч 2014-жылдын 3-чейрегине салыштырганда 23,1 пайызга көбөйүп, 2013-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 47,8 пайызга көбөйгөн), ал эми чыгыш төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 329,0 млрд. сомду түзгөн (2014-жылдын 3-чейрегине салыштырганда 17,1 пайызга жана 2013-жылдын 4-чейрегине салыштырганда 47,2 пайызга көбөйүү жүргөн).

### 3.5. Акча которуулар

2014-жыл ичинде кириш акча которуулардын жалпы саны 123,7 млрд. сом жалпы суммасында 6,7 млн., түзгөн (бул көрсөткүчтөр 2013-жылдын көрсөткүчтөрүнө салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша, саны – 2,3 пайызга, суммасы – 5,84 пайызга көбөйгөн). 2014-жыл ичиндеги чыгыш которуулардын жалпы саны 32,6 млрд. сом жалпы суммасында 0,4 млн., түзгөн (бул көрсөткүчтөр 2013-жылга салыштырганда саны – 11,0 пайызга, суммада– 5,76 пайызга көбөйгөн).

2014-жылдын 4-чейрегинин жыйынтыгы боюнча акча которуулар которуулардын эл аралык жана локалдык системалары аркылуу жүзөгө ашырылган. Акча которуулардын эл аралык системалары боюнча кириш которуулардын жалпы саны 29,3 млрд. сом жалпы суммасында 1 637 457 түзгөн (2014-жылдын 3-чейрегинин көрсөткүчтөрүнө салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 12,0 жана 23,0 пайызга азаюу жүргөн, ал эми 2013-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 6,2 пайызга жана 8,8 пайызга азаюу туура келген). Чыгыш которуулардын саны 9,7 млрд. сом жалпы суммасында 111 405 түзгөн (2014-жылдын 3-

чейрегинин көрсөткүчтөрүнө салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша, 26,7 пайызга жана 22,4 пайызга көбөйүү болгон, ал эми 2013-жылдын 4-чейрегинин көрсөткүчүнө салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 0,1 пайызга азаюу жана 16,6 пайызга көбөйүү жүргөн).

Кыргыз Республикасынын аймагында кириш жана чыгыш которуулардын көлөмү боюнча эң чоң салыштырма салмак Бишкек шаарына туура келген, мында кириш которуулар жалпы көлөмдүн 45,1 пайызын, ал эми чыгыш которуулар жалпы көлөмдүн 63,1 пайызын ээлеген.

**15-график. 2014-жылдын 4-чейреги ичинде Республикадагы областтар боюнча кириш акча которуулардын үлүшү (%)**




**16-график. 2014-жылдын 4-чейреги ичинде Республикадагы областтар боюнча чыгыш акча которуулардын үлүшү (%)**




Отчеттук чейрек ичинде эл аралык акча которуулар валютанын 5 түрү боюнча жүзөгө ашырылган.

***1) АКШ долларында акча которуулар***

2014-жыл ичинде кириш которуулардын жалпы саны 693,7 млн. АКШ доллар суммасында 694 729 түзгөн (2013-жылдагыга салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша, 16,2 пайызга жана 17,0 пайызга көбөйүү болгон). 2014-жыл ичинде чыгыш которуулардын жалпы саны 355,0 млн. АКШ доллар суммасында 173 297 түзгөн (2013-жылга салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 11,9 жана 10,2 пайызга көбөйүү байкалган).

2014-жылдын 4-чейрегинде кириш которуулардын жалпы саны 182,6 млн. АКШ доллар суммасында 200 424 түзгөн (2014-жылдын 3-чейрегине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша, 13,2 пайызга азаюу жана 7,4 пайызга көбөйүү жүргөн; ал эми 2013-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 7,9 пайызга жана 22,1 пайызга көбөйүү байкалган). Чыгыш которуулардын саны 105,1 млн. АКШ доллар суммасында 49 332 түзгөн (2014-жылдын 3-чейрегине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша көбөйүү 12,5 пайызды жана 24,4 пайызды түзгөн; ал эми 2013-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көбөйүү, тиешелүүлүгүнө жараша 10,1 жана 8,2 пайыз чегинде катталган).

**17-график. Валюталар боюнча кириш акча которуулар (млн.сом)**




**18-график. Валюталар боюнча чыгыш акча которуулар (млн.сом)**




***2) Евро валютасында акча которуулар***

2014-жылы кириш которуулардын жалпы саны 7,8 млн. евро суммасында 17 600 түзгөн (2013-жылга салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 13,4 жана 13,0 пайызга көбөйүү жүргөн). Ал эми чыгыш которуулардын жалпы саны 2014-жыл үчүн 9,3 млн. евро суммасында 3 980 түзгөн (2013-жылга салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша, 4,3 жана 24,2 пайызга көбөйүү байкалган).

Отчеттук чейректин жыйынтыгы боюнча 2,3 млн. евро жалпы суммасында 5 316 кириш которуулар жүргүзүлгөн (2014-жылдын 3-чейрегине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 8,1 пайызга жана 26,8 пайызга

көбөйүү белгиленген; ал эми 2013-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 21,7 пайызга жана 29,2 пайызга көбөйүү жүргөн). Чыгыш которуулардын саны 4,4 млн. евро жалпы суммасында 1 528 түзгөн (2014-жылдын 3-чейрегине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 72,3 пайызга жана 56,1 пайызга көбөйүү белгиленген; ал эми 2013 - жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 59,8 пайызга жана 2,4 эсеге көбөйүү байкалган).

*3) Орус рублинде акча которуулар*

Бүтүндөй алганда, 2014-жыл ичинде 61,8 млрд. рубль суммасында 5,9 млрд. кириш которуулар ишке ашырылган (бул көрсөткүч 2013-жыл менен салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша, 0,4 пайызга жана 7,9 пайызга көбөйгөн). 2014-жылы чыгыш которуулардын жалпы саны 9,1 млрд. рубль суммасында 179,1 млн. түзгөн (2013-жыл менен салыштырганда, бул көрсөткүчтөр тиешелүүлүгүнө жараша 18,2 жана 4,9 пайызга көбөйгөн).

2014-жылдын 4- чейрегинин жыйынтыгы боюнча 16,1 млрд. рубль суммасында 1 419 084 кириш которуулар жүргүзүлгөн (2014-жылдын 3-чейрегине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 13,9 жана 13,5 пайызга азаюу белгиленген; ал эми 2013-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 3,6 пайызга көбөйүү жана 9,7 пайызга азаюу байкалган). Мындан тышкары 2,8 млрд. рубль суммасында 60 184 чыгыш которуулар ишке ашырылган (2014-жылдын 3-чейрегине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 40,6 жана 53,1 пайызга көбөйүү белгиленген; ал эми 2013-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 36,5 жана 8,9 пайызга көбөйүү жүргөн).

*4) Казак теңгесинде акча которуулар*

2014-жылы кириш которуулардын жалпы саны 1,4 млрд. теңге суммасында 71 726 түзгөн (2013-жылга салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 1,3 жана 2,9 эсеге көбөйүү жүргөн). 2014-жыл үчүн чыгыш которуулардын жалпы саны 436,5 млн. теңге суммасында 26 440 түзгөн (2013-жылга салыштырганда бул көрсөткүчтөр тиешелүүлүгүнө жараша 19,1 жана 3,8 эсеге көбөйгөн).

Отчеттук мезгил ичинде 191,4 млн. теңге суммасында 4 170 кириш которуулар ишке ашырылган (2014-жылдын 3-чейрегине салыштырганда көрсөткүчтөр тиешелүүлүгүнө жараша 2,3 жана 4,7 эсеге азайган; ал эми 2013-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда, көрсөткүчтөр тиешелүүлүгүнө жараша 37,8 жана 35,8 пайызга азайган). Чыгыш төлөмдөр 30,1 млн. тенге суммасына 358 чыгыш которуулар жүргүзүлгөн (2014-жылдын 3-чейрегине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша 4,2 жана 19,3 эсеге азайган; ал эми 2013-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша 9,8 жана 0,3 пайызга көбөйгөн).

*5) Кыргыз сомунда которуулар*

2014-жылдын жыйынтыгы боюнча 122,2 млн. сом суммасында 12 667 кириш которуулар ишке ашырылган. (2013-жылга салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 2,7 жана 2,3 эсеге көбөйүү жүргөн). 2014-жылы чыгыш акча которуулардын жалпы саны 1,7 млн. сом суммасында 36 түзгөн (2013-жылдагы көрсөткүчтөргө салыштырганда, бул көрсөткүчтөр тиешелүүлүгүнө жараша, 2,7 жана 25,0 эсе азайган).

2014-жылдын 4-чейреги ичинде 86,6 млн. сом суммасында 8 463 кириш которуулар ишке ашырылган (2014-жылдын 3-чейрегине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 3,8 жана 4,8 эсеге көбөйүү жүргөн; ал эми 2013-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 44,2 жана 67,7 эсеге көбөйүү байкалган). Чыгыш которуулардын саны 0,1 млн. сом суммасында 3 түзгөн (2014-жылдын 3-чейрегине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 7,9 эсе жана 9 котормуга азаюу байкалган; ал эми 2013-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 21,9 пайызга көбөйүү жана 4 которууга азаюу жүргөн).